# СПРАВЕНС

## ДАРЫ КАРАЖАТЫН МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

**Соодадагы аталышы**
Справенс
**Эл аралык патенттелбеген аталышы**
Жок
**Дарынын түрү**
Ичегиде эрүүчү чел кабык капталган таблеткалар.
**Курамы**
Ичегиде эрүүчү чел кабык капталган ар бир таблетка төмөнкүлөрдү камтыйт:
*Таасир берүүчү зат:* серратиопептидаза 10 мг
(ферментативдик активдүүлүктүн 20000 бирдигине туура келет)
*Көмөкчү заттар*: лактоза, жүгөрү крахмал, магний стеараты, магний сульфаты, цинк оксиди, кобальт хлориди, суусуз коллоиддүү кремний диоксиди, лактоза + крахмалдын гранулдары.
*Жука жабуусу*: целлюлоза ацетатфталат, этилцеллюлоза, титан диоксиди, Сансет сары боёгучу (Lake).
**Сүрөттөмөсү**
Эки жагы томпок, тегерек, кызгылт сары түстөгү ичегиде эрүүчү чел кабык капталган таблеткалар.
**Фармадарылык тобу**
Сөөк-булчуң системасынын ооруларын дарылоо үчүн препараттар. Сөөк-булчуң системасынын ооруларын дарылоо үчүн башка препараттар. Ферменттик препараттар.
**АТХ коду:** M09AB.
**Фармакологиялык касиеттери**
**Фармакодинамикасы**
Препарат активдүү компонент серратиопептидазаны камтыйт. Серратиопептидаза протеолитикалык активдүүлүккө ээ фермент, ал ичеги микрофлорасынын патогендүү эмес бөлүгү болуп эсептелген Serratia E15 бактерияларынан бөлүнүп алынат. Препарат фибринолитикалык жана сезгенүүгө каршы активдүүлүккө ээ. Препаратты колдонууда ошондой эле шишимикке каршы айкын таасири белгиленген. Серратиопептидазанын фармакологиялык таасирлери сезгенүү очогунда брадикининдин, гистаминдин жана серотониндин концентрацияларын төмөндөтүүнүн эсебинен ишке ашырылат. Синаптикалык жылчыктарда медиаторлордун концентрациясынын төмөндөөсү серратиопептидазанын таасири алдында алардын гидролизинин эсебинен жүрөт, мында бошонуунун интенсивдүүлүгү жана медиаторлордун кайтарым кармоосу өзгөрбөйт. Препарат кан тамырлардын дилатациясын төмөндөтөт жана алардын өткөргүчтүгүн азайтат. Препараттын ооруну басуучу таасири сезгенген ткандардан аминдердин бошонуусу азаюусунун эсебинен ишке ашат. Организмде серратиопептидазанын жана кандын а2-макроглобулининин байланышуусу жүрөт, бул серратиопептидазанын антигендүүлүгүнүн төмөндөшүнө алып келет, бирок анын протеолитикалык активдүүлүгүн төмөндөтпөйт. Препарат плазмин басаңдаткычтарынын активдүүлүгүн төмөндөтөт, ошентип, плазминдин фибринолитикалык активдүүлүгүн жогорулатат. Препарат ошондой эле какырыктын чыгуусун жакшыртууга көмөк көрсөтөт, себеби серратиопептидаза шишимикти азайтууга жана кандын микроайлануусун жакшыртууга жөндөмдүү.
*Фармакокинетикасы*
Препарат пероралдуу колдонгондон кийин ичеги жолунда жакшы сиңет, мында ашказан зилинин таасири алдында өзгөрбөйт. Концентрацияны колдонгондон бир нече убакыттан кийин сезгенүүнүн ордунда канда серратиопептидаза концентрациясы олуттуу ашкан. Организмден заара менен бөлүнүп чыгат.
**Колдонууга көрсөтмө**
- хирургияда колдонуу: байламталардын чоюлуусу жана үзүлүшү, сыныктар жана чыгып кетүүлөр, шишимиктер анын ичинде пластикалык операциялардан пайда болгон;
- жогорку дем алуу жолдорунун оорулары: какырыктын илээшкектигин азайтат жана дем алуу жолдорунда өтүүсүн жеңилдетет;
- ЛОР органдарынын оорулары: кобулдун кошундуларынан секреттин чыгуусун жеңилдетет;
- дерматология: курч сезгенген дерматоздор;
- аначылык жана гинекология: гематомалар, эмчек бездеринде сүттүн туруп калуусу.

**Каршы көрсөтмө**
- серратиопептидазага же препараттын курамындагы кайсы бир затка жогору сезгичтик;
- кан уюнун бузулуусу.

*Этияттык менен:* боор жана/же бөйрөк оорулары менен жабыркаган бейтаптарга дайындалат.
**Колдонуу жолу жана дозалар**
Препарат чоң адамдарга тамактан кийин күнүнө 3 жолу 1 таблеткадан дайындалат. Таблеткаларды чайнабастан жутуу керек жана 1 стакан суу менен ичүү керек. Эң жогорку суткалык дозасы - 30 мг. Дарылоо курсунун узактыгы патологиялык процесстин мүнөзүнө жана динамикасына көз каранды жана ар бир учурда жекече аныкталат.
**Кыйыр таасири**
Препаратты колдонууда айрым учурларда байкалышы мүмкүн:
*Ашказан-ичеги бузулуулары:* ич өтүү, окшуу, кусуу, табиттин төмөндөшү, курсактын үстү жагында ыңгайсыздык.
*Дем алуу системасы тарабынан бузулуулар:* абдан сейрек мурундан кан агуу жана кан аралаш какырыктын бөлүнүп чыгуусу мүмкүн, курч эозинофилдик пневмония учурлары сүрөттөлгөн.
Жогору сезгичтиги бар бейтаптарда аллергиялык реакциялар, тери исиркектери болушу мүмкүн.
**Ашыкча доза**
*Симптомдор:* окшуу, кусуу, табиттин төмөндөшү, курсактын үстү жагында ыңгайсыздык, айрым учурларда кан агуу жана кан аралаш какырык.
*Дарылоо:* Оору белгилерине жараша дарылоо.
**Дарылык өз ара таасирлери**
Бир убакта колдонууда препарат антикоагулянттардын таасирин күчөтөт. Препараттардын мындай айкалышы кылдат медициналык байкоо алдында колдонулушу керек.
**Өзгөчө көрсөтмөлөр**
Препарат кандын уюшна таасир бергендиктен, аны кан агуу коркунучу жана кандын уюнун бузулуусу бар бейтаптарда, ошондой эле антикоагулянттарды кабыл алган бейтаптарда этияттык менен колдонуу керек. Боор жана бөйрөктөрдүн оор оорулары болсо препарат этияттык менен колдонулат.
*Кош бойлуулук же эмчек эмизүү мезгилинде колдонуу*
Препаратты кош бойлуу же эмчек эмизүү мезгилинде колдонуу клиникалык маалыматтардын жоктугунан улам сунушталбайт.
*Балдар*
Препаратты балдарга колдонуу тажрыйбасы жок болгондуктан, аны дайындоо жашоо көрсөткүчтөрү боюнча жана дарыгердин катуу көзөмөлү алдында гана мүмкүн.
**Унааны жана механизмдерди башкарууда реакциянын ылдамдыгына таасир берүү жөндөмдүүлүгү**
Таасирин тийгизбейт.
**Чыгаруу формасы**
Ар бир блистерде ичегиде эрүүчү чел кабык капталган 10 таблетка.
3 блистер медициналык колдонуу боюнча нускамасы менен бирге картон таңгакка салынат.
**Сактоо шарты:**
Кургак, жарык тийбеген жерде 25°С дан жогору эмес аба табында сакталат.
Балдар жетпеген жерде сактоо керек.
**Жарактуулук мөөнөтү**
2 жыл.
Жарактуулук мөөнөтү аяктагандан кийин колдонууга болбойт.
**Берүү шарты**
Дарыгердин рецепти боюнча.

**Соода маркасынын жана каттоо күбөлүгүнүн ээси:**
Vegapharm LLP
Unit 18, 53 Norman Road, Greenwich Centre Business Park,
London, England, SE10 9QF, UK (Улуу Британия)

**Өндүрүүчү:**
Lark Laboratories (India) Ltd.
SP-1192 E, Phase-IV, RIICO Industrial Area,
Bhiwadi, Distt. Alwar (Rajasthan), India (Индия)

**Кыргыз Республикасынын аймагында продукциянын (товардын) сапаты боюнча керектөөчүлөрдөн арыз-доолорду кабыл алуучу уюмдун дареги:**
«Aman Pharm» (Аман Фарм) ЖЧК, Кыргыз Республикасы,
Бишкек шаары, Шооруков көчөсү, 36.
Тел: (0312) 560466, E-mail: aman.pharm12@gmail.com

012KA